КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
XVI- СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
XVI СЕССИЯ XXVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 27-январы № 5 Тамга айылы**

**Тамга, Тосор айылындагы бала-бакчалардын тамак-аштын акчалай нормасын көтөрүү жөнүндө.**

Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн тамак-аш азыктарынын накталай топтому жана тамак-аштын акчалай нормалары Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган. Тактап айтканда Кыргыз Республиткасынын Өкмөтүнүн «Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө» 2008-жылдын 15-январындагы № 7 токтому менен бала-бакчада 9-10,5 саат болуучу үчтөн жети жашка чейинки балдарга тамак-аштын акчалай нормасы бир күнгө 18 сом деп аныкталган, бирок тамак-аш азык-түлүктөрдүн баасы өсүп жаткандыгына байланыштуу, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XVI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл аймагындагы «Байчечекей», «Бугу-Эне» мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мекемелериндеги тарбиялануучу балдарга берилүүчү тамак-аштын акчалай нормасы бир күнгө 18 сомдон 30 сомго көтөрүлсүн.

2. Бөлүнгөн финансалык каражатты максаттуу пайдалануу жагы мекемелердин жетекчилери М.Мамбеталиевага жана А.Молдогазиевага, ал эми камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы кеңештин алдындагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **А.Букаров**